| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ** | | **НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ** |

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

9-июнь 2023-ж. № 05 Бишкек ш.

**Тарых, философия илимдери, искусство таануу жана маданият таануу боюнча эксперттик кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын 2021-жылдын 2-декабрындагы №27 буйругуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ №377 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын президиумунун 2023-жылдын 1-июнундагы № 235 токтомунун (№ 5э/к-4/1 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын тарых, философия илимдери, искусство таануу жана маданият таануу боюнча эксперттик кеңештин төрагасынын орун басары, 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы (авторефераты боюнча); 07.00.03 – жалпы тарых (илимий эмгектеринин жыйындысы боюнча); 07.00.09 – тарыхнаама, булак таануу жана тарыхый изилдөө методдору (илимий эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча мүчөсү, тарых илимдеринин доктору, профессор Осмонов Өскөн Жусупбекович Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу тарых илимдери боюнча диссертациялык кеңештин курамына киргизилгендигине байланыштуу эксперттик кеңештин курамынан чыгарылсын.
2. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Тарых жана чөлкөм таануу институтунун археология, этнология, булактаануу жана тарыхнаама кафедрасынын профессору, тарых илимдеринин доктору, профессор Батырбаева Шайыркуль Жолдошевна 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология; 07.00.09 – тарыхнаама, булак таануу жана тарыхый изилдөө методдору (авторефераты боюнча); 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы (илимий эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу менен тарых, философия илимдери, искусство таануу жана маданият таануу боюнча эксперттик кеңештин курамына киргизилсин.
3. Тарых, философия илимдери, искусство таануу жана маданият таануу боюнча эксперттик кеңештин мүчөсү, тарых илимдеринин доктору, профессор Көчкүнов Айдарбек Сулайманкулович аталган эксперттик кеңештин төрагасынын орун басары болуп дайындалсын.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**